*https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-1-150*
**УДК:613.846-053.71(575.2)**

# БИШКЕК ШААРЫНЫН ӨСПҮРҮМДӨРҮ АРАСЫНДА ТАМЕКИ ЧЕГҮҮНҮН ТАРАЛЫШЫ

**Ж.С. Сыдыков, И.Б. Керимбаева, Ж.А. Аманова**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Гигиеналык дисциплиналар кафедрасы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Корутунду.** Азыркы шартта балдар жана өспүрүмдөр арасында, анын ичинде Кыргызстанда оорулардын көбөйүшү байкалууда. Изилдөө жогорку класстын окуучулары арасында тамеки тартуунун таралышын изилдөөгө, тамеки тартууга түрткү болгон себептерди аныктоого жана мектеп окуучуларынын тамекинин организмге тийгизген зыянын баалоо деңгээлин баалоого багытталган.

Максатка жетүү үчүн 318 мектеп окуучусуна сурамжылоо жүргүзүлдү. Анын тамеки тартуу маселелери боюнча сурамжыланган ыкмалары, тамеки чегүүнүн жыштыгы жана саны, тамеки чеккендерге алардын катышуусунда жана тамеки тартуунун зыяндуулугу жөнүндө маалымат булактарын көрсөтүшкөн.

Изилдөөнүн натыйжалары жогорку класстын окуучуларынын арасында тамеки чегүүнүн жогорку деңгээлин көрсөттү (25%). Өспүрүмдөрдүн тамеки тартуусуна көмөктөшүүчү негизги фактор-жакындарынын тамеки чегүүсүнүн таралышы (айрыкча кыздар арасында жогору). Сурамжылоого катышкан айрым студенттер организмге тамеки тартуунун зыяндуулугу жөнүндө жетиштүү билишпейт.

**Негизги сөздөр:** өспүрүмдөр, мектеп, тамекитартуу, тамеки тартуунун таралышы, өспүрүмдөр арасында тамеки тартуунун себептери.

# РАСПРОСТРАНЕННОСТЬ КУРЕНИЯ СРЕДИ ПОДРОСТКОВ Г. БИШКЕК

**Ж.С. Сыдыков, И.Б. Керимбаева, Ж.А. Аманова**
Кыргызская государственная медицинская академия им. И.К. Ахунбаева
Кафедра гигиенических дисциплин
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** В настоящее время наблюдается рост заболеваемости среди детей и подростков, в том числе в Кыргызстане. Исследование было направлено на изучение распространенности курения среди старшеклассников, выявление причин, способствующих курению, и оценку степени, в которой школьники оценивают вред, который табак может нанести организму.

Для достижения этой цели было опрошено 318 школьников. Его методы, опрошенные по вопросам курения, включали в себя указание курильщикам источников информации о частоте и количестве курения, их присутствии и вреде курения.

Результаты исследования показали более высокий уровень курения среди старшеклассников (25%). Основным фактором, способствующим курению среди подростков, является распространенность курения среди близких (особенно среди девочек). Некоторые опрошенные студенты не знают достаточно о вреде курения для организма.

**Ключевые слова:** подростки, школа, курение, распространенность курения, причины курения среди подростков.

# PREVALENCE OF SMOKING AMONG TEENAGERS BISHKEK

**Zh.S. Sydykov, I.B. Kerimbayeva, Zh.A. Amanova**
Kyrgyz State Medical Academy named after I. K. Akhunbayev
Department of Hygiene Disciplines
Bishkek, Kyrgyz Republic

**Summary.** Currently, there is an increase in morbidity among children and adolescents, including in Kyrgyzstan. The study was aimed at studying the prevalence of smoking among high school students, identifying the causes that contribute to smoking, and assessing the extent to which students assess the harm that tobacco can cause to the body.

To achieve this goal, 318 schoolchildren were interviewed. His methods interviewed on smoking issues included giving smokers sources of information about the frequency and quantity of smoking, their presence and the dangers of smoking.

The results of the study showed a higher smoking rate among high school students (25%). The main factor contributing to smoking among adolescents is the prevalence of smoking among relatives (especially among girls). Some of the students interviewed do not know enough about the harm of smoking to the body.

**Key words:** adolescents, school, smoking, prevalence of smoking, causes of smoking among adolescents.

**Киришүү.** Тамеки керектөө глобалдык көрүнүш болуп саналат жана бул бир нече факторлор менен түшүндүрүлөт. Алардын бири адамдардын тамеки менен байланышкан тобокелдиктер жана коркунучтар жөнүндө жетишсиз маалыматы. Мындан тышкары, тамеки каражаттарынын салыштырмалуу арзан баасы, ошондой эле агрессивдүү маркетинг компанияларынын жарнамаларытамеки продукциясынынбазарда кеңири жайылуусунасебеп болууда. Тамекини колдонууну чектөөгө багытталган мамлекеттик саясаттын баш аламан жанаыраатсыздыгы да анын кеңири жайылышына таасирин тийгизүүдө [1].

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (ДССУ) маалыматы боюнча, жыл сайын 8 миллиондон ашык адам тамеки колдонуудан көз жумат, алардын 1,3 миллиону тамеки чекпеген адамдар. Дүйнө жүзү боюнча 1,3 миллиард тамеки колдонуучулардын 80% кирешеси төмөн жана орто өлкөлөрдө жашашат. 2020-жылы тамекини дүйнө калкынын 22,3% анын ичинде эркектердин 36,7% жана аялдардын 7,8% колдонгондор [2].

Тамекини колдонуу балдардын ден соолугуна өтө зыяндуу, келечекте да узак мөөнөткө терс таасирин тийгизет. Бул ар кандай рак [3], жүрөк-кан тамыр оорулары, өпкөнүн жана кекиртектин өнөкөт оорулары, кант диабети жана кургак учук сыяктуу жугуштуу эмес оорулардан алдын алууну талап кылат, тамеки өлүмдүн негизги себептеринин бири болот [4].

Кыргызстанда жаштар арасында тамекини колдонуу боюнча дүйнөлүк изилдөөлөрнүн (GYTS, 2019) алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, алардын жарымынан көбүндө тамеки тартуунун зыяндуулугу тууралуу маалыматтар болсо да, тамеки каражаттарын колдонгон өспүрүмдөрдүн үлүшү жогору экени аныкталган. Мектептин ар бир алтынчы окуучусу пассивдүү тамеки тартуучу болуп эсептелет. Көпчүлүк мектеп окуучулары жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу тамекини жайылтуучу маркетинг компаниялардын үгүтүнө дуушар болушат [5].

Акыркы 10-15 жылда заманбап жашоо кейпине (образына) көнүү кыйынчылыгына туш болгон жаштардын саны көбөйдү. Бул кыйынчылыктарга аскерге жараксыздык, кесиптик билимдин жоктугу, эмгекке жөндөмдүүлүктүн төмөндүгү жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн чектелгендиги кирет [6,7].

Учурдагы маселелердин бири-өсүп келе жаткан муундун ден соолугун коргоо жана сактоо, тамеки чегүү менен байланышкан социалдык жана медициналык көйгөйлөрдү чечүү үчүн чараларды көрүүнүн шашылыш зарылдыгы. Эң натыйжалуу чаралардын бирибилим берүү мекемелеринде өспүрүмдөр арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**Иштин максаты.** Изилдөөлор орто мектеп курагындагыулуу класстардагы өспүрүмдөр арасында тамеки чегүүнүн таралышын талдоого жана аларда бул адаттын пайда болушуна себеп

боло турган негизги факторлорду, жана тамекинин зыяндуулугу тууралуу билимин аныктоого багытталган.

**Материалдар жана ыкмалар.** Маалыматтарды чогултуу үчүнанонимдүү анкета ыкмасы колдонулган. Ар бир өспүрүм изилдөөгө катышууга алдын ала макулдук берген. Сурамжылоого жалпы билим берүүчү мектептердин 9, 10 жана 11-класстарынын окуучулары катышкан. Катышуучулардын жалпы саны 318 өспүрүм, анын ичинен 102 окуучу тамеки чеккендер, ал эми 216сы тамеки чекпеген эркек балдар жана кыздар. Суроо баракчада тамекиге болгон көз карандылык, ошондой эле жакын туугандарындагы жана досторундагы мындай адаттын таркалуусу, таасири, ошондой эле тамеки тартууга түрткү болгон себептер камтылган.

Суроо баракчанын 1-бөлүгүндо окуучунун тамеки чегүсү же чекпөөсүнө жооп берүүсү жана тамеки чеге баштаган жаш курагын билдирүүсү сунуш кылынды. Мындан тышкары окуучунун жакын адамдарынын тамеки чегүүгө болгон мамилеси жөнүндө кабар алынды.

Суроо баракчанын экинчи бөлүгүндө тамеки чегүүнүн зыяндуулугу тууралуу кабарды окуучу кайдан алаары, тамеки чегүүдө кайсы органдардын жабыркоосун, такай чеккенде кайсы оорулардын онүгүүсү мүмкүн экенин, тамеки чегүүгө тыюу салуучу иш-чараларга кошулабы деген суроолор камтылды

**Иштин жыйынтыгы жана аны талкулоо.** Анкеталык сурамжылоонун натыйжасында орто мектептердин, жогорку класстардынокуучулары арасында тамеки чегүүнүн саны 25% барабар. Кыздардын жана эркек балдардын саны бирдей чоңдукту түздү (49,8 жана 50,2%).

Тамеки чеккен окуучулардын көпчүлүгү күнүгө чегишет (85,5%) жана чегүүдө 83% тамеки түтүнүн өпкөсүнө жиберишет. Күнүгө чеккендердин арасында кыздарга (75%) караганда балдар көбүрөөк 90% түзөт.

Суралгандардын 38% тамеки чегүүдө жагымдуу сезимге бөлөнүшөт.

Тамеки чегүүдөгү жагымсыз сезимдердин ичинен жөтөлүү жана ооздогу ачуу даамды 25% суралгандар белгилешти.

Тамекини такай чегүүчүлөрдүн ата-энелери, жакын туугандары, өзгөчө кыздардыкы тамеки чеккендиги аныкталды. 1-таблица.

Алгачкы тамекини оозго алуулар эркек балдарда 11-12 жашка (2,4%), кыздарда13-14 жашка (19%) туура келди.

1-таблица – Тамекини такай чеккен окуучулардын жакын туугандарынын тамеки чегүүлөрү

| Тамеки чекен жакындары | Такай тамеки чегүүчү окуучулар | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек балдар (n = 48) | | Кыздар (n = 54) | | Бардыгы (n = 102) | |
| | абс | % | абс | % | абс | % |
| Атасы | 28 | 58,2 | 36 | 66,6 | 74 | 72,8 |
| Энеси | 6 | 12,5 | 10 | 18,5 | 16 | 15,6 |
| Агасы | 20 | 41,6 | 24 | 44,4 | 44 | 43,1 |
| Эжеси | 11 | 22,9 | 14 | 26,0 | 25 | 24,4 |
| Чоң атасы | 26 | 54,1 | 24 | 44,4 | 58 | 56,8 |
| Чоң энеси | 2 | 4,1 | 4 | 7,4 | 6 | 5,8 |
| Башка туугандары | 15 | 31,2 | 12 | 22,2 | 27 | 26,4 |
| Досу | 20 | 41,6 | 25 | 46,3 | 45 | 44,1 |
| Мугалими | 12 | 25,0 | 10 | 18,5 | 22 | 21,5 |

Тамекини такай чеккен кыздардын ата-энелери жана башка туугандары эркек балдардыкына салыштырганда тамекини көбүрөөгү чеккендигин белгилөөгө болот.

Тамеки чеккен окуучулардын көпчүлүгү күнүгө 1-ден 4-кө чейин сигарет чегишет, калгандары чейрек кутудан (5 даана) толук кутуга (20 даана) чейин чегишкендиги аныкталды.

Көпчүлүк эркек балдар күнүнө 1 сигарет жана кээ биреөлөрү1 кутучаны толук чегишет. Кыздар көбүнчө чейрек, жарым кутуга чейин тамеки колдонушат. Тамекини такай чеккен окуучулардын көпчүлүгү (70%) тамеки чегүү ден-соолука зыян деп эсептешсе, суралгандардын 1/5 бөлүгү мындай деп эсептешпейт, алардын арасында көпчүлүгү эркек балдар болушту. Суроо берилгендердин 20% тамекинин зыяндуулугун билбегендигин билдиришти.

Тамекини такай чеккендердин көпчүлүгү тамекинин зыяны эң алды менен өпкөгө (98%) тийет деп билдиришти, андан кийин жүрөктү (67%), мээни (45%), терини (43%) ошондой эле ашказан ичеги жолдорун аташты.

Оорулардан рак (85%), бронхит (55%), коко-кекиртек оорулары (32%), инсульт, инфарк оорулары (20%), пайда болоорун билдиришти.

Тамеки чегүүчүлөрдүн чоң пайызы (жабыркоочу) эч бир органдын атын атаган эмес,

ошондой эле тамекиден пайда болуучу ооруларды да аташкан жок.

Тамекини такай чеккен окуучулардын көпчүлүгү (60%) тамеки чегүүнү кийинчерээк баңгилике (наркотики) өтүүнүн тобокелдик фактору деп эсептешет. Мындай ойду эркек балдарга караганда кыздар көбүрөөк билдиришти. Кээ бир эркек балдар жана кыздар тамеки чегүү менен баңгиликтин байланышы аз деп эсептешти.

Ошентип, такай тамеки чегүүчү окуучулардын тамекинин адамдын организмине зыяндуулугу боюнча билими чаржайыт жана жетишсиз деп эсептөөгө болот.

Чоң киши болгондо тамекини чегүүнү токтотом же улантам деген окуучулардын саны бирдей болду (30% жакын), 50% жакын окуучулар бул суроого жооп бере алышпады.

Мектепте тамеки чегүүгө каршы, тыюу салуу иштерин 50% тамеки чегүүчү окуучулар туура көрүштү, алардын ичинде кыздар көбүрөөк.

Орто мектеп жашындагы окуучулардын 75% тамеки чегишпейт, эркек балдардын тамеки чегүүсү кыздарга салыштырганда көп кездешет. Тамеки чекпеген окуучулардын жакын туугандарынын арасында тамеки чегүүлөрдүн таркоосу 2-таблицада берилди.

2-таблица – Тамеки чекпеген окуучулардын жакын туугандарынын арасында тамеки чегүүнүн таркалуусу

| Тамеки чеккен жакындары | Тамеки чекпеген окуучулар | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек балдар (N=110) | | Кыздар (N=106) | | Бардыгы (N=216) | |
| | абс. | % | абс. | % | абс. | % |
| Атасы | 66 | 59,9 | 66 | 62,2 | 138 | 61,1 |
| Энеси | 20 | 18,2 | 18 | 17,0 | 38 | 17,5 |
| Агасы | 29 | 26,3 | 30 | 28,0 | 59 | 27,3 |
| Эжеси | 46 | 41,8 | 42 | 39,6 | 88 | 31,6 |
| Чоң атасы | 61 | 55,4 | 62 | 58,5 | 123 | 56,9 |
| Чоң энеси | 4 | 3,6 | 5 | 4,7 | 9 | 4,1 |
| Башка туугандары | 22 | 20,0 | 26 | 24,5 | 48 | 22,2 |
| Досу | 38 | 34,5 | 48 | 45,2 | 86 | 39,8 |
| Мугалими | 25 | 2,7 | 22 | 20,7 | 47 | 21,7 |

Таблицада көрүнгөндөй тамеки чеккен жана чекпеген кыздардын да, эркек балдардын да жакындарынын арасында тамеки чегүүлөр бирдей пайызда кездешет. Тамеки чекпеген окуучулардын дээрлик бардыгы тамеки чегүү ден-соолукка зыяндуу деп эсептешет (98,6%). Тамеки чекпеген окуучулардын 95% тамекини өпкөгө зыяндуу, деп белгилешсе 70% жүрөкө, 56% мээге, 35% балалуу болууга жана 30% териге зыяндуу деп эсептешет. Ашказан - ичеги жолдоруна зыяндуу дегендердин саны баарынан азыраак, 25% түздү.

Суралган окуучулардын 6% анкетадагы эч бир ооруну көрсөтүшкөн эмес, алар “башка оору” деген графаны тандашкан, маалыматы жок болгон десек деле болот.

Тамекинин акыры рак деп 85% кыздар, 69% эркек балдар, ал эми инсульт деп кыздарга караганда эркек балдар көп белгилешкен (35% балдар, 22% кыздар).

Тамеки чекпеген окуучулардын көпчүлүгү (72%) тамеки чегүү баңгилике тобокелдик фактор деп эсептешкен.

Ошентип, тамеки чеккен да, чекпеген да окуучулардын тамекинин зыяндуулугу тууралуу маалыматтары өтө жетишсиз, так эмес деген жыйынтык чыгарууга болот.

Тамеки чекпеген окуучулардын көпчүлүгү тамеки тууралуу көбүрөөк маалымат алгысы келишкенин билдиришти.

Чоң киши болгондо тамеки чегесиңби? деген суроого тамеки чекпеген окуучулардын көпчүлүгү (75%) “жок” деген жоопту беришкен, алардын көпчүлүгүн эркек балдар түздү. Кээ бирөөлөрү (көбүнчө кыздар) бул суроого жооп беришкен жок.

Мектепте тамеки чегүүгө тыюу салуу чарасын 50% тамеки чекпегендер колдошту. Булардын арасында кыздар көбүрөөк болду. Тамеки чеккен жана чекпеген орто мектеп жашындагы окуучуларды анкетанын жардамы менен сурамжылоонун натыйжасы төмөндөгүлөрдү көрсөттү:

- тамеки чеккен окуучулар тамеки чекпегендерге караганда тамекини биринчи жолу эртерээк жашында оозго алып көрүшөт (8-11 жашында 13-14 жашка караганда);
- тамекини такай чеккен өспүрүмдөрдүн өзгөчө кыздар тамеки чекпегендерге караганда тамеки чеккен туугандары менен көбүрөөк катышат;

- тамеки чеккен окуучулардын ата-энелеринин арасында чекпеген окуучулардыкына салыштырмалуу тамеки чеккендери көбүрөөк кездешет;
- тамеки чеккендердин 20% тамекини зыяндуу деп эсептешпейт, ал эми тамеки чекпегендердин бирөө да тамеки чегүү зыянсыз деген эмес;
- чоң киши болгондо тамеки чегүүсүн чекпеген окуучуларга караганда чеккен окуучулардын көбүрөөгү билдирди;
- тамекинин зыяндуулугу тийүүчү органдарды атоодо чеккен жана чекпеген окуучулардын саны бирдей болдужана жана бардык окуучулардын тамекинин зыяндуулугу тууралуу билимдери жетишсиз аз экендиги байкалды;
- тамеки чегүүгө тыюу салууну тамеки чеккен окуучулардын көпчүлүгү колдоду

**Тыянактар:**

1. Бишкек шаарынын орто мектеп жашындагы окуучуларына суроолор берүүдө такай тамеки чеккендердин саны 25% түзүп, кыздардын жана эркек балдардын саны 40,0% жана 60,0% түздү.
2. Тамеки чекпеген окуучулар чеккендерге салыштырмалуу анкетанын суроолоруна карата жакшыраак абалда:

- чекпеген окуучулар тамекини кечирээк оозго алып, байкап көрүшкөн;
- чекпеген окуучулардын көпчүлүгү тамекини зыяндуу деп эсептешет;
- тамеки чекпегендердин көпчүлүгү чоңойгондо тамеки чекпөөсүн билдиришти;
- чеккен окуучулар тамеки чегүүгө тыюу салууну колдошпойт;

3. Тамеки чеккен жана чекпеген окуучуларды тамекинин организмге зыяндуулугу тууралуу билимдери тайкы, кабары жетишсиз.
4. Азыркы өспүрүмдөрдүн тамеки чегүүсүнө түрткү болгон себептердин ичинен алардын жакындарынын(ата-энелери, туугандары, достору, классташтары) арасында тамеки чеккендери көп кездешүүсүн эсептөөгө болот.
5. Тамекини такай чеккен окуучулардын (өзгөчө кыздардын) жакындарынын көбүрөөгү тамеки чегүүсү айкын болду.

**Адабияттар / Литература**


1. *Всемирная организация здравоохранения. Табак. Режим доступа: https://www.who.int/ru/news-room/fact-sheets/detail/tobacco (Ссылка активна на 31.07.23).*
2. *Ferlay J, Shin H, Bray F, Forman D, Mathers C, Parkin DM. Estimates of worldwide burden of cancer in 2008: Globocan 2008. Int J Cancer. 2010;127(12):2893-2917. https://doi.org/10.1002/ijc.25516 9*
3. *Willi C, Bodenmann P, Ghali W, Faris PD, Cornuz J. Active smoking and the risk of Type 2 diabetes. JAMA. 2007;298:2654-2664. https://doi.org/10.1001/jama.298.22.2654*
4. *Полупанов А.Г., Толебаева А.А., Сабиров И.С., Алтымышева А.Т., Сабирова А.И., Ураимова А.А., и др. Глобальное исследование потребления табака среди молодежи в Кыргызской Республике (исследование GYTS, 2019). Пульмонология. 2020;30(3):270-277. https://doi.org/10.18093/0869-0189-2020-30-3-270-277*
5. *Полупанов А.Г., Толебаева А.А., Сабиров И.С., Алтымышева А.Т., Сабирова А.И., Ураимова А.А. Употребление табачных изделий среди подростков в Кыргызской Республике (по результатам исследования GYTS - Кыргызстан). Профилактическая медицина. 2020;23(4):74-79. https://doi.org/10.17116/profmed20202304174*
6. *Маркова, А.И., Ляхович А. В., Лозовская А. С. Отношение школьников к табакокурению: социально- гигиеническое исследование. Гигиена и санитария. 2011;3:69-74.*
7. *Баранов А.А., Кучма В.Р., Звездина И.В. Табакокурение детей и подростков: Гигиенические и медикосоциальные проблемы и пути решения. М.: Литтерра; 2007. 213 с.*


***Цититалоо үчүн / Для цитирования***


*Сыдыков Ж.С., Керимбаева И.Б., Аманова Ж.А. Бишкек шаарынын өспүрүмдөрү арасында тамеки чегүүнүн таралышы. Евразиялык саламаттыкты сактоо журналы. 2024;1:150-155.* *https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-1-150*

*Сыдыков Ж.С., Керимбаева И.Б., Аманова Ж.А. Распространенность курения среди подростков г. Бишкек. Евразийский журнал здравоохранения. 2024;1:150-155.* *https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-1-150*

***Сведения об авторах***

**Сыдыков Жумабек Сыдыкович** – к.м.н., доцент кафедры гигиенических дисциплин Кыргызской государственной медицинской академии им. И.К. Ахунбаева, г. Бишкек, Кыргызская Республика. E-mail: sydykov.j1947@gmail.com

**Керимбаева Изат Болотбековна** – ассистент кафедры гигиенических дисциплин Кыргызской государственной медицинской академии им. И.К. Ахунбаева, г. Бишкек, Кыргызская Республика. E-mail: kerimbaeva.i@gmail.com

**Аманова Жылдыз Амановна** – ассистент кафедры гигиенических дисциплин Кыргызской государственной медицинской академии им. И.К. Ахунбаева, г. Бишкек, Кыргызская Республика. E-mail: zhyldyz.ksma@gmail.com